“Бекитемин”
Курманжан Датка атындагы
Ош лицейинин директору
__________Байзаков Ж.К.

**Курманжан Датка атындагы Ош лицейинин башталгыч класстарында окуу-тарбиялык иштерди алып баруудагы ассистенттердин милдеттери жөнүндө**

# Жобо

## I. Жалпы жобо

1.1. Ассистенттик милдетке башталгыч мектептин директору тарабынан жумушка кабыл алынат жана жумуштан бошотулат. Убактылуу эмгекке жараксыздык учурунда анын милдеттери класс жетекчиге же, башка ассисттентке тапшырылат. Мындай учурларда бул милдеттерди тапшыруу жана аны аткаруу мектеп директорунун буйругу аркылуу ишке ашырылат.
1.2. Ассистент орто жана жогорку педагогикалык билимге ээ болгон адис.
1.3. Ассистенттин ишмердүүлүгү мектептин тарбиялык жана окуу-тарбиялык иштер боюнча мүдүр жардамчылары тарабынан көзөмөлгө алынат.

## II. Милдети

**Ассистенттин негизги ишмердүүлүктөрү:**

2.1. Окуучулардын инсан катары калыптанышына жана өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды түзүүгө көмөкчү.
2.2 Окуу процесси учурунда күндөлүк режимдеринин көрсөтмөлөрүн жана коопсуздук эрежелерин сактоого, камсыздоого катышат.

## III. Ишмердүүлүк милдеттери

**Ассистент төмөнкү милдеттердин аткарылышына жооптуу:**

3.1. Окуучуларды эртең мененки саат 8:15 кабыл алып, саат 16:30 чейин үйлөрүнө узатат. Класс кабинеттердин сабакка даярдыгын камсыздайт.
3.2. Ассистент сабак учурунда ар бир окуучунун окуп-үйрөнүү аракеттерине, ишмердүүлүгүнө, жекече иштөөсүнө байкоо жүргүзөт жана көмөк көрсөтөт.
3.3. Окуучулардын мектептеги жүрүм-турумуна байкоо жүргүзөт, тарбиялык түшүндүрүү иштерин класс жетекчи менен чогуу алып барат.
3.4. Мектепке келбей калган окуучулардын ата-энелери менен байланышып, себебин аныктап класс жетекчиге маалымдайт. Бул учурда компетенттүүлүктү сактап, мектеп менен үй бүлөнүн ортосундагы кызматташтыкты камсыздайт.
3.5. Билим берүү процессинде окуучулардын коопсуздугунун жана ден соолугунун сакталышына класс жетекчи менен бирдикте көзөмөл жүргүзөт.
3.6. Мектепте жана мектеп сыртында сакталуучу жалпы эрежелерди сактоого карата түшүндүрүү иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп турат.
3.7. Класс жетекчинин көзөмөлүнүн негизинде предметтик мугалимдери, мектеп психологу, ата-эне (атайын ишеним көргөзүлгөн адамдар ) менен тыгыз байланышта болуп турат.

3.8. Класстан тышкаркы иш чараларда (ийримдерде) окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүнө байкоо жүргүзүп, класс жетекчи менен бирдикте мониторинг жүргүзөт.
3.9. «Себат» тарабынан жана мектептин, МБ нин жетекчилери тарабынан уюштурулган семинарларга катышат.
3.10. Ата-энелер чогулушун өткөрүүгө катышат.
3.11. Эмгек тартибин жана өрт коопсуздуктарынын эрежелерин сактайт.Окуучулардын турмуш тиричилик коопсуздук көндүмдөрүн өнүктүрөт.
3.12. Коомдук жайларда өзүн туура алып жүрүү маданиятын калыптандырат жана байкоо жүргүзөт (тамактанууда, театрга барууда, мектеп ичиндеги майрамдык кечелерде).
3.13. Мектептин тышкаркы маданий эс алууларды мектеп жетекчилигинин уруксаатынан кийин гана уюштурат.
3.14. Сабактан кийин үйгө кетүүчү транспортко чейин узатат жана жол эрежелерин туура сактоого үйрөтөт. Баланын ата-энелерин жана алып кетүүчү адамдарды тааныйт.
3.15. Нөмөөтчү ассистент акыркы окуучу кетмейинче мектептен кетпейт;
3.16. Окуу күн учурунда өз милдеттеринен тышкаркы иштер менен алектенбейт;
3.17. Төмөнкүлөрдү камсыздайт:

- мекеме ичиндеги тазалыкты, жабдыктардын, эмеректердин сакталышын сактайт;
- кабыл алуу жана узатууда ата-эне менен гана ( законду түрдө тиешелүү адам) же, алардын жазуу жүзүндөгү ишеним каттын негизинде аткарылат;
- окуучунун өмүрүнө жана ден соолугуна жооптуу;

3.18. Мектеп ичиндеги эмгек тартибине баш иет жана аткарат;

## IV. Укугу

**Ассистенттин укуктары:**

4.1. Сабак учурунда окуучуларга мугалимдин көрсөтмөсү боюнча жекече жардам берет.
4.2. Өзүнүн квалификациясын жогорулатат.
4.3. Класс жетекчинин макулдугу менен ата-энелерди (законду түрдө тиешелүү гана адамды) балдардын жетишүүсү, тартиби боюнча маалымат берүүгө мектептин иш чараларына чакырат.

## V. Жооптуу

5.1. Мектеп ичиндеги эмгек тартибин, директор жана анын жардамчылары тарабынан берилген тапшырмалар себепсиз жана талапка ылайыксыз аткарылса законду түрдө жооп берет.
5.2. Окуучуларды тарбиялоодо бир же бир нече жолу физикалык жана психикалык күч колдонулса, законун негизинде жоопко тартылат.